**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү**

**жана иновациялар министрлиги**

**Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети**

# МААЛЫМАТ КАТ

**Урматтуу коноктор жана кесиптештер!**

2026-жылдын 27-ноябрында академик, көрүнүктүү тилчи-илимпоз жана педагог - Кусейин Карасаевдин 125 жылдыгына арналган "Улуттун уңгулуу лингвисти" аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференция боло тургандыгын маалымдайбыз.

Иш-чарага белгилүү окумуштуулар, илим, билим жаатындагы өкүлдөр жана коомдук ишмерлер катышат.

Конференцияга катышуу үчүн төмөнкү багыттардагы баяндамалар кабыл алынат:

**Конференцияда талкууга сунуш кылынган багыттар:**

- **Кыргыз тилинин теориялык жана практикалык маселелери**
- **Азыркы түрк тилдеринин өзөктүү маселелери**
- **Салыштырма типологиянын актуалдуу маселелери**
- **Кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун маселелери**
- **Кыргыз адабиятынын актуалдуу маселелери**
- **Кыргыз журналистикасынын актуалдуу маселелери**

**Конференциянын жумушчу тилдери:** кыргыз, орус, англис, түрк тилдери.

**Катышуунун форматтары:** оффлайн, онлайн.

**Конференциянын датасы:** 2026-жылдын 27-ноябрь.

**Жыйын орду:** Бишкек шаары, Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети, Чыңгыз Айтматов проспектиси, 27. 1-кабат. Концерттик зал.

Илимий макалалар Бишкек мамлекеттик университетинин «БМУ жаңылыктары " журналына "Филологиялык илимдер" багыты боюнча атайын чыгарылыш болуп жарыяланат. Макаланын (баяндаманын) тексти электрондук түрдө 2025-жылдын 15-октябрына чейин жумушчу топтун дарегине жиберилиши керек.

**Илимий баяндаманы (макаланы) даярдоо эрежеси:**

Баяндаманын текстинин көлөмү 6-7 беттен ашпоого тийиш. Барак бетинин калыбы - А4, ариби: Times New Roman, өлчөмү 14 пт., сап арасы – 1,5 өлчөмдө; абзацтын алгачкы сабындагы оңго чегинүү өлчөмү (абзац) - 1, 25 см. Текст кендиги боюнча түздөлөт. Жээктери: жогорку, астыңкы - 1,5 см, сол жагы 2см, оң жагы 1,5 см. Сөз ташууга жол

берилбейт. Макаланын башынын оң бурчунда автордун темасы жана аты, окумуштуулук даражасы жана наамы, иш орду, байырлаган шаары, электрондук дареги жазылат. Андан кийин бир интервалдан соң сап ортосунда даана, баш тамгалар менен макаланын темасы берилет. Бир интервалдан кийин кыргыз, орус жана англис тилдеринде макаланын аннотациясы (100 сөздөн кем эмес), негизги сөздөр (8-10), андан соң макаланын негизги тексти жазылат. Тексттеги шилтемелер чарчы кашаанын [...] ичинде берилет.

Адабият тизмеси 10 шрифт, бир интервал; автордун аты-жөнү менен (мисалы: Асанов А. ), ошол эле сапта чыгарманын аталышы, чыгарманын басылган жери, басылган жылы, беттери көрсөтүлүүгө тийиш.

**Макалага сөзсүз түрдө рецензия талап кылынат**

Уюштуруу комитети материалдарды тандоо боюнча кабыл алуу укугун өзүнө калтырат. 2026-жылдын 15-октябрдан кеч келип түшкөн жана көрсөтүлгөн талаптарга жооп бербеген материалдар жыйын программасына киргизилбейт жана жарыялоо үчүн кабыл алынбайт. Макаланын авторлору берилген материалдардын мазмуну жана сабаттуулугу үчүн өзүлөрү жооптуу. Кабыл алынган материалдар кайтарылбайт. Материалдар университет тарабынан каржыланат.

**Эскертүү: баяндамачыларга сертификат тапшырылат.**

Конференциянын уюштуруучулары менен байланышуу жана жалпы эле конференция боюнча суроо-маалыматтарды алуу үчүн байланыш:

Турмаханбетова Айзат Анарбековна
Тел.: 996 707 57 67 91
Эл.дареги: aturmahanbetova@bhu.kg

**Каттоо формасы**

| | |
|---|---|
| Фамилия (тегаты), аты, атасынын аты | |
| Илимий даражасы, илимий наамы | |
| Иштеген жери, кызматы | |
| Электрондук дареги (e-mail) | |
| Байланыш үчүн телефон | |
| Илимий баяндаманын темасы | |